УДК: 004.056.53
DOI: 10.35254/bhu.2019.47.4

Ч.А. Джумалиева,
Кыргыз Республикасынын Президентине
караштуу башкаруу академиясынын аспиранты,
тел. (tel.): 0708 43 79 97
djumalievacholpon@gmail.com

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МААЛЫМАТ КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДООДОГУ МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН РОЛУ

РОЛЬ СРЕДСТВ МАССОВОЙ ИНФОРМАЦИИ В ОБЕСПЕЧЕНИИ ИНФОРМАЦОННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

THE ROLE OF THE MEDIA IN ENSURING INFORMATION SECURITY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Аннотация: *Бул илимий макалада маалымат технологиялар өнүккөн ааламдаштыруу шартында ар бир жарандын, коомдун жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун сактоо маселеси курч бойдон калууда. Кыргызстанда жарандардын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктарынан турган улуттук кызыкчылыктарды коргоо максатында ченемдик-укуктук документтер кабыл алынып, концепция долбоорлору коомдук талкууга коюлууда. Маалымат коопсуздугун 2019-жылдын 1-февралында Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыз кылуу багытында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети Кыргыз Республикасынын 2019-2023-жылга карай маалымат коопсуздугу Коцепциясынын долбоорун коомдук талкууга алып чыкты. Долбоордо КР улуттук стратегиялык приоритеттерин эске алуу менен бирге маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары жана максаттары аныкталган. Маалымат коопсуздугун камсыздоодо массалык маалымат каражаттары коомдук туруктуулукка жетишүүнүн, жалпы улуттук, мамлекеттик өнүгүү стратегияны калкка жеткирүүчү, моралдык жана руханий баалуулуктарды таркатуучу маанилүү каражат болуп саналат.*

Түйүндүү сөздөр: *масс-медиа, маалымат, маалымат коопсуздугу, гезит, журнал, теле берүү, радиоуктуруу, интернет, сөз эркиндиги, мамлекеттик саясат, глобалдаштыруу, маалыматтык-психологиялык коопсуздук.*

Аннотация: *В данной статье речь идет о глобальной информатизации и новых информационных технологиях, открывающих небывалые возможности во всех сферах человеческой деятельности, порождающие новые проблемы, связанные с информационной безопасностью личности, общества и государства. Становится все более очевидным, что и общественный прогресс, и развитие каждого человека сопровождаются и даже в значительной степени определяются развитием их информационной сферы. Информационная безопасность страны напрямую зависит от защиты интересов каждого гражданина, общества и в целом страны. Большое внимание уделяется обеспечению информационной безопасности и противодействие новым вызовам и угрозам в этой сфере. Государственный комитет национальной безопасности разработал концепцию информационной безопасности Кыргызстана на 2019-2023 годы. Цель концепции-разработки стратегий действий по защите интересов личности, общества и государства в информационной сфере и создание эффективной системы обеспечения информационной безопасности Кыргызстана.*

Ключевые слова: *информация, информационная безопасность, информационная технология, средства массовой информации, масс-медиа, газета, журнал, телевещание, радио, интернет, государственная политика.*

Annotation: *In each country, the issue of information security gets the huge priority at the global level. During the processes of globalisation is important to tight information security in order to maintain the country's sovereignty, in preservation of national values and culture of our people. Information security of the country directly depends on the protection of the interests of all citizens, society and the country as a whole. Preservation of national interests of the country, the integrity and preservation of patriotic feelings and the consent of the citizens is one of the fundamental duties of the State in providing information security. The international process of globalization, the introduction of new information technologies and the information society all underline the significance of information security as an element of national security.*

Key words: *information, globalization, mass media, information security, information technology, strategy, concept, psychology, communication, information, concept, threats, information society, information sphere, information and telecommunication system.*

Учурда дүйнө коомчулугунун жашоосун маалыматсыз элестетүүгө болбойт. Илим менен техника, технология өнүккөн шартта адам баласы маалымат менен ар дайым камсыз болуп турууга муктаж. “Ким маалыматка ээ болсо, ал дүйнөнү башкарат”-деп, XX-кылымдын улуу саясатчысы Уинстон Черчилль айткандай, маалыматтык технологиялардын өнүгүүсү менен маалыматтын маанилүүлүгү артууда. Эл аралык деңгээлде, демократиялык өлкөдө маалымат алуу жарандардын бирден-бир укугу болуп саналат. 1948-жылдын 10-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясында кабыл алынган, жарандардын жана адамдардын укуктары тууралуу жалпы декларацияда бекитилгендей, ар бир жаран маалыматты эркин издөөгө, кабыл алууга жана мамлекеттик чек араларга карабастан бардык маалымдоо каражаттары аркылуу таркатууга укуктуу [1]. Кыргыз Республикасынын Конституциясында да көрсөтүлгөндөй, ар бир жаран жана журналист “маалыматты эркин чогултканга, сактаганга, колдонгонго жана аны оозеки, жазуу ж.б. түрдө таркатууга укуктуу” (КР 1993-жылдын 5-майындагы Конституциясынын 16-беренеси, 2003-жылдын 18-февралындагы №40 КР Мыйзамынын редакциясы). Маалымат таркатуучу жалпыга белгилүү маалымдоо каражаттары гезит-журналдар, радио, телеберүү жана интернет тармагындагы маалымат булактары. Аталган массалык маалымат каражаттар (ММК) эл менен бийликтин, мамлекеттин ортосунда байланыш түзүп, коомдук пикир жаратууга таасирин тийгизет. Заманбап коомдо, коомдун-саясий жашоосунда маалымдоо каражаттарынын ролу күн санап өсүп, ММК бирден-бир маанилүү социалдык институт катары өнүгүүдө. Маалымдоо каражаттары “төртүнчү бийлик” аталган идеологиялык ролду ишке ашыруу менен заманбап коомдун идеяларынын кыймылдаткыч күчү болуп саналат. Бүгүнкү күндө окумуштуулар массалык маалымат каражаттарын бийликтин маанилүү булагы, ал эми саясий түзүмдү маалыматтык мейкиндикке чулганган обьект катары карашат. Мисалы, М. Маклюэн билдиргендей, «Масс-медиа-бул коом менен мамлекеттин ортосундагы башкы арачы, жана бул алардын негизги өзгөчөлүгү болуп саналат» [2]. Анткени, ММК мамлекеттик мажбурлоо күчүнө, экономикалык кысым көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Анын ыйгарым укуктары идеологиялык таасир берүү чөйрөсүнө багытталган. Бүгүнкү күндө өлкөнүн заманбап маалымат инфраструктурасы калыптануу деңгээлинде туруп, андагы маалыматтык түзүмдөр ачык байланыш тармагына чыга албайт. Массалык маалымат каражаттары багытындагы толук иштелип чыга элек нормативдик-укуктук жөнгө салуу өлкө аймагында конкуренцияга туруштук бере алган маалымат агенттиктерин жана ММК калыптанышын кыйындатууда. Кыргыз Республикасынын улуттук маалымат мейкиндигин калыптандыруу жана коргоо, массалык маалымат түзүмүн өнүктүрүү, эл аралык маалымат алмашууну уюштуруу багытында конкреттүү мамлекеттик саясаты жокко эсе. Улуттук маалымат мейкиндигинин ачыктыгы коомчулуктун аң сезимине терс таасирин тийгизип, коом үчүн өзгөчө социалдык коркунуч жаратат. «Маалымат мейкиндиги-маалыматты түзүү, өзгөртүү, таркатуу, колдонуу, сактоо менен байланышып, жеке жана коомчулуктун аң сезимине, маалыматтык инфраструктурага жана маалыматка таасирин тийгизген чөйрөсү». [3]

Кыргыз Республикасындагы глобалдуу маалымат мейкиндигинин калыптаныш өзгөчөлүктөрүнө токтолсок, 1990-жылдарда Кыргызстандын дүйнөлүк, аймактык саясатка келиши, бир катар эл аралык уюмдарга кабыл алынышы жана өлкөнүн тышкы байланышы тууралуу маалымдоо жана эл аралык маалыматтар кеңири мейкиндикти элей баштаган. Ата мекендик маалымдоо каражаттарынын Кыргызстандагы маалыматтарды жана «дүйнөнүн горизонтторун» чагылдырууга мамилеси өзгөрүп турган. Кыргызстан эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле аймактык стратегиялык геосаясий абалын пайдалануу менен дүйнө алдында өз салмагын жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү табуу аракетин көргөн. Бирок, тилекке каршы бул аракеттер жетишсиз болгон. Кыргыз Республикасынын маалыматты сактоо мамлекеттик түзүмү 1973-жылы уюшулган. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин маалымат коопсуздугун сактоо чөйрөсүндө көптөгөн өзгөрүүлөр болуп, маалымат айдыңы корголбогон абалда калган. 2001-жылга чейин Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруусунда коопсуздук түшүнүгүнө аныктама берилген эмес, өлкөнүн Улуттук коопсуздук концепциясын кабыл алуу менен бул түшүнүккө нормативдик аныктама берилген. КР улуттук коопсуздук концеп-

циясы бул – жарандарды, коомду жана мамлекетти узак мөөнөттө бардык тармактардагы тышкы жана ички коркунучтарынан сактоо боюнча расмий кабыл алынган көз караштардын, идеялардын жана принциптердин системасы.

Өлкөдө акыркы жылдары гана маалымат коопсуздугун сактоо максатында Маалыматтык ресурстар, технология жана байланыш улуттук агенттиги 2006-жылы; Маалымат коопсуздугу боюнча мекемелер аралык комиссия 2007-жылы; Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу мамлекеттик байланыш агенттигинин консултативдик кеңеши 2010-жылы; Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин маалымат саясаты боюнча кеңеши 2014-жылы уюшулган.

Кыргызстандын Советтер союзу таркагандан кийинки мезгилдеги маалымат мейкиндигинин өнүгүү деңгээлин 5 этапка бөлүп кароого болот:

• Биринчи: 1991-1992-жылдары Басма сөз эркиндигин жарыялоо.

• Экинчи: 1993-1995-жылдары Мамлекеттик бийликтен алыстоо, ММК функциясы жана ролу тууралуу өз көз карашын иштеп чыгуу.

• Үчүнчү: 1996-1999-жылдары Бийлик менен акыркы бөлүштүрүү.

• Төртүнчү: 1999-2005-ж. Медиа-холдингдерди түзүү жолу менен менчик медиаларды бөлүштүрүү жана топтоо.

• Бешинчи: 2005-жылдан ушул убакытка чейин менчик формадагы медиа тармактарын кайра бөлүштүрүү жана бир негизге, колго бириктирүү менен медиа-холдингдердин таасирин жогорулатуу [4].

Учурда маалымат мейкиндигинин кеңейүүсү менен бирге улуттук коопсуздуктун бир багыты болгон маалымат коопсуздугу маселеси жаралууда. Кыргызстанда маалымат коопсуздугу маселесинин жаралышына дүйнөлүк терроризм, экстремизм көйгөйү, акыркы жылдардагы өлкөдөгү саясый туруксуздук, техника жана заманбап технологиянын өнүгүүсү өз таасирин тийгизүүдө. Бул жагдайларды чагылдырган, массалык маалымат каражаттары: гезит, журнал, радио, телекөрсөтүү жана интернет тармагынын таасири күч алып, маалымат коопсуздугун сактоо маселеси жаралууда. Демократиялык өлкөлөрдүн катарына кирген Кыргыз Республикасында Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө өлкөлөргө салыштырмалуу сөз эркиндиги толук кандуу сакталган. Өлкөдө жарандар маалымат алуу, таркатуу укугуна толук ээ. Бирок сөз эркиндиги менен бирге өлкөнүн маалымат коопсуздугун сактоо да маанилүү. Анткени, Кыргызстанда башка бир тараптын каржылоосу менен ишмердүүлүк кылып, ошол тараптын кызыкчылыгын көздөгөн маалымдоо каражаттары көбөйүүдө. Бул көрүнүш өлкөнүн маалымат коопсуздугуна, бүтүндүгүнө терс таасирин тийгизет. Маалымдоо каражаттарына чет элдик жарандардарын толук ээлик кылуусуна каршы “Массалык маалымат каражаттар жөнүндө” мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси бир топ талаш-тартыштарды жаратты. Көп учурларда журналисттер каржылык көз карандылыктан улам, кесиптик жоопкерчилигинен баш тартуу менен сөз эркиндигине таянып, тиешелүү мыйзамдарды толук сакташпайт. Демократиялык коомдун белгиси болгон сөз эркиндиги менен ар бир жарандын, коомдун жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун сактоонун чегин аныктоо журналисттер үчүн маанилүү. Бул шартта өлкө эгемендүүлүгүн, улуттук кызыкчылыктарды сактоо, саясий, экономикалык жана аскердик туруктуулукту чыңдоо максатында маалымат коопсуздугунун Концепциясын түзүү зарылчылыгы турат.

Кыргызстанда маалыматтык-байланыш чөйрөсүн жакшыртуу, маалымат коопсуздугун камсыздоо жана өлкөнүн бирдиктүү маалымат саясатын жүргүзүүнү шарттаган КР маалымат коопсуздугу Концепция долбоору талкууга чыгарылды. 2019-жылдын 1-февралында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети КР 2019–2023-жылга карай маалымат коопсуздугу Коцепциясынын долбоорун коомдук талкууга алып чыкты. Аталган долбоордо КР улуттук стратегиялык приоритеттерин эске алуу менен бирге маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун негизги багыттары жана максаттары аныкталган. Концепциянын негизги максаты маалымат тармагында жарандардын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын коргоодогу стратегиялык иш-аракеттер жана КР маалымат коопсуздугун камсыздоодо аталган чөйрөдө мамлекеттин саясатын ишке ашырууда укуктук, уюштуруучулук жана экономикалык ыкмалардын биримдигин көрсөткөн натыйжалуу системаны түзүү. Маалымат коопсуздугу Коцепциясынын долбоорунда көрсөтүлгөндөй, бул Концепциянын укуктук негизин КР Конституциясы, ченемдик-укуктук актылар жана КР катышкан эл аралык келишимдер түзөт. Ошондой эле, аталган Концепция Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук түзүмүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2019–2023-жылга карай маалымат коопсуздугу Коцепциясынын долбоорунда маалымат коопсуздугу тармагындагы улуттук кызыкчылыктар катары төмөнкүлөр белгиленген:

- маалымат алуу жана колдонуу тармагында адамдардын жана жарандардын эркиндиги менен укугун сактоо, Кыргызстан элдеринин руханий өнүгүүсүн камсыздоо, коомдун моралдык баалуулуктарын, мекенчилдик салттар менен гуманизмди, өлкөнүн маданий жана илимий мүмкүнчүлүгүн сактоо жана чыңдоо;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын маалыматтык камсыздоо өлкөнүн мамлекеттик саясаты тууралуу так маалыматты улуттук жана эл аралык коомчулукка жеткирүү, ички мамлекеттик жана эл аралык деңгээлдеги социалдык маанилүү окуяларга карата ачык мамлекеттик маалымат ресурстарына жарандардын маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу сыяктуу өлкөнүн расмий көз караштары менен байланыштуу. [5] Бирок, Борбор Азия өлкөлөрүнүн катарында Кыргызстан үчүн бул иш аракеттер кеч жүргүзүлүүдө: мисалы, маалымат коопсуздугу концепциясы Казакстанда эчак иштелип чыгып, 2016-жылга чейин эле кабыл алынган, ал эми Тажикстанда 2003-жылган чейин кабыл алган. Бийлик менен коомдун ортосундагы өз ара начар аракеттенүү байкалган кырдаал, Кыргызстандын маалымат саясатын түзүүнүн негизи болгон маалымат коопсуздугунун концепциясы жок экендигин айгинелейт”,- дейт саясатчы Наргиза Мураталиева [6]. Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоо багытындагы мамлекеттик саясаты төмөнкү ченемдик-укуктук документтерге не-

гизделет. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук концепциясы (2012-ж. 9-июнь №120), Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугунун концепция долбоору (2008-ж. 11-июль №372). Андан кийин, Жарандык кодекс, Кылмыш кодекси, эл аралык келишимдер жана бир катар мыйзамдар: “Маалыматташтыруу тууралуу” “Массалык маалымат каражаттары тууралуу”, “Кепилдик жана маалымат алуу эркиндиги туралуу”, “Байланыш тууралуу”, “Автордук жана чектеш укуктар тууралуу”, “Документтердин көчүрмөсү тууралуу”, “КР мамлекеттик сырларын сактоо тууралуу”, “Улуттук архив фонду тууралуу”, “Электр жана почта байланышы тууралуу”, “Электрондук санариптик кол коюу”, КР президентинин указдары, КР өкмөтүнүн токтомдору, министрлик жана мекемелердин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ж.б. укуктук-ченемдик актылары кирет. Бирок, бүгүнкү күндө маалымат коопсуздугунун абалы көрсөткөндөй, учурдагы мыйзам базасы жетишсиз, көптөгөн суроолор тиешелүү мыйзамдык жөнгө салууга ээ эмес жана улуттук маалымат мейкиндигин түзүү маселеси карала элек. Учурда маалымат коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасында бирдиктүү орган түзүү жана бул багытта атайын адистерди даярдоо учурдун талабы. Кыргызстанда маалымат коопсуздугу чөйрөсүндө калктын аң сезимине жана өлкөнүн мамлекеттик институттарына терс маалыматтык-психологиялык таасир берүү маселеси, ошондой эле жарандардын, коомдун жана мамлекеттин маалыматтык-психологиялык коопсуздугун тышкы жана ички коркунучтардан сактоо механизми каралган эмес. Маалыматтык-психологиялык коопсуздукка болгон коркунучтарга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү КР мыйзамдарын жакшыртуу максатында маалыматтык-психологиялык коопсуздук жана аны ишке ашыруу механизмдеринин Концепциясын иштеп чыгуу маанилүү экендигин Р.М. Токсоналиева белгилеген [7].

Жарандардын маалыматтык-психологиялык коопсуздугун сактоодо телекөрсөтүүнүн мааниси чоң. Ошондой эле, телекөрсөтүү Кыргызстандын аймагындагы калктын маанилүү маалымат булагы. Телекөрсөтүүнүн калкты маалымат менен камсыз кылуу менен бирге агартуучулук, тарбиялык мааниси жогору. КТРК, Маданият, ЭЛТР, Эхо Манас, Илим жана билим, СТВ, НТС ж.б. телеканалдарынын улуттук кызыкчылыктарды сактап, кыргыз тилин өнүктүрүүгө, улуттук каадасалт, үрп-адаттарыбызды жана баалуулуктарыбызды элге жайылтууда ролу чоң. Коомду маалымат менен камсыз кылуу менен бирге көптөгөн агартуучулук иштерди аткарып, өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоодо атамекендик жана мамлекеттик маалымдоо каржаттарынын орду чоң.

Телеканалдар. Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясына (КТРК) таандык Коомдук биринчи канал «Ала-Тоо 24» маалымат каналы, Маданият, тарых, тил каналы, балдардын «Баластан» каналы, «КТРК СПОРТ» каналы ж.б. кыргыз жана орус тилдеринде өлкө аймагы боюнча көрсөтөт. Ар бир облустун административдик борборунда аймактык жаңылыктарды чагылдыруу менен телеканалдар иш жүргүзөт. КТРК менен ЭлТР мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүп, маалымат коопсуздугун камсыздоочу негизги каналдар катары мамлекет тарабынан каржыланып келет. Эл менен бийликтин ортосундагы негизги көпүрө катары кызмат кылган КТРК жана ЭлТР телеканалдары бийлик өкүлдөрүнүн, мамлекеттик органдардын ишин чагылдыруу менен мамлекеттик жана коомдук-саясий деңгээлдеги, маданият багытындагы маанилүү иш-чараларды алгачкылардан болуп өлкө аймактарына чейин көрсөтөт. Жеке менчик телеберүүлөр жарандарыбызга ар тараптуу маалымат алууга жардам берип, бир жактуу маалымат алуудан сактайт. Жогоруда белгиленгендей, маалымат коопсуздугун сактоодогу бирден-бир кубаттуу курал болуп телекөрсөтүү эсептелет. «Саясий чөйрө менен масс-медианын толук айкалышынан «саясаттын медиатизацияланышы» жана «медиасаясий системанын» калыптанышы тууралуу айтууга болот [8].

2017-жылы телеберүүлөр санарипке өтүп, өз телекөрүүчүлөрүн да көбөйтө алышты. Санариптик берүүгө өтүү менен өлкөнүн алыскы аймактарында да бир нече телеканалдар көрсөтүлүүдө. Негизинен дүйнө жүзүндө “санарипке” өтүүдө мамлекеттик органдар тарабынан чечилүүчү алгачкы милдеттер бул-калктын учурдагы маалымат алуу деңгээлин сактап калуу жана өлкө аймагындагы маалыматтык теңсиздикти жоюу болуп эсептелет. Кыргызстандын телеканалдары элдин талабына жооп берген кызыктуу, заманбап, ата мекендик мазмундагы берүүлөрдү даярдоосу керек. Анткени, көрүүчүлөрдүн муктаждыктары канааттандырылбаса жарандарыбыз, өзгөчө жаштар коңшу өлкөлөрдүн телеберүүлөрүн көрүүгө мажбур болушат. Алгач эле эне тил маселеси жаралат, башка өлкөнүн идеологиясын таануу, саясатын жүргүзүү сыяктуу көрүнүштөргө жол бербешибиз керек [9].

Радиоуктуруулар. Кыргызстандагы 25тен ашык радио бар. Алардын көбү, мисалы «Миң-Кыял FM», «Кыргызстан обондору», «Кыргыз радиосу», «Европа плюс» ж.б. радиостанциялар музыкалык-көңүл ачуу жана маалымдоо форматында иш алып барышат. Коомдук-саясий, экономикалык багыттагы маалыматтарды, уктурууларды мамлекеттик же эл аралык деңгээлдеги медиа-холдинг радиолору чагылдырат. Мисалы, «Азаттык», «ВВС», «Биринчи радио», «Радио Sputnik», «Марал FM» радиолору өз эфиринде маанилүү маалыматтарды кана бербестен, өлкөдө болуп жаткан коомдук-саясий процесстерге талдоо жүргүзүп, коомдук пикир жаратууга таасирлерин тийгизет [10]. Кыргызстандын дээрлик бардык облустарында интернет колдонуучулардын санынын өсүшүнө байланыштуу интернет сайттар, порталдар аркылуу радио угуу мүмкүнчүлүгү жаралды. Түрдүү смартфондун жардамы менен уктурууларды угуу ыңгайлуулугу жаралды. Акыркы жылдардагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өнүгүүсү, өзгөчө социалдык тармактардын көптүгү жана көзөмөлсүз абалы жаштарга жана активдүү позицияга ээ билимдүү жарандардан турган интернет колдонуучуларга оң жана терс таасирин тийгизүүдө десек болот. Кыргызстанда да интернет желеси, социалдык тармактар диний-экстремистик, террористтик уюмдарга жана коомчулукка каршы иш-аракеттерге багыттоочу көмүскө аянт катары колдонулууда. Бул шарттарда Кыргыз Республикасынын телекоммуникациялык технологиялар багытындагы стратегиялык максаты улуттук маалыматтык структураны түзүү жана өнүктүрүү болуп саналат.

Интернет тармагы. Кыргыз журналистикасынын өнүгүү этабында 2005-жыл интернет- басылмаларынын ачылышы менен белгилүү. Интернет айдыңындагы алгачкы маалымат булактар «Кабар» улуттук маалымат агенттиги, «АКИpress» жана «Кыргызинфо» маалымат агенстволору. «Вечерний Бишкек», «Дело №», «Республика» ж.б. басма сөз каражаттары да электрондук форматта чыга башташкан. «Заман-Кыргызстан», «Агым», «Бишкек таймс», «Аалам» сыяктуу кыргыз тилдүү гезиттер өздүк сайттарын ачууга кызыга башташат. Көптөгөн интернет-басылмалар же сайттар өлкөнүн коомдук-саясий жашоосуна чоң таасирин тийгизе баштады. Ар бир жарандын, жалпы коомдун жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоодо, ошондой эле коркунучка алып келүүдө бүгүнкү күндө интернет тармагынын мааниси чоң. Өлкөдөгү ар бир маалымат каражаты жоопкерчиликтүү түрдө элге чынчыл жана так маалымат жеткирүү менен жарандарыбыздын, коомдун жана мамлекеттин маалымат коопсуздугун сактоого милдеттүү. Интернет тармагын туура эмес багытта колдонуу өзгөчө жаштарга жана өспүрүмдөргө терс тасирин тийгизүүдө. Интернет аркылуу диний агымдарга, террористтик, экстремисттик иш-аракеттерге аралашкан фактылар коомдо арбын. Акыркы мезгилде социалдык тармактар ар кыл тармактардын өкүлдөрүн бириктирген, бирдиктүү чоң күчкө айланууда. Колдонуучулар маалыматтык-байланыш мейкиндигинде болушуп, алар үчүн коммуникативдүү байланыш маанилүү. Заманбап Кыргызстанда социалдык тармактар коммуникациянын ажырагыс бөлүгү кана болбостон, колдонуучулардын жүрүм-турумуна жана аң-сезимине маалыматтык-психологиялык таасир берүүчү натыйжалуу курал, маалыматтык талаа катары колдонулуп, коомдук-саясий ишмерлердин иштерин жана ар кандай үгүт иштерин өткөрүүдөгү ыңгайлуу технология катары колдонулууда. Негизинен өлкөдөгү интернет сайттар, социалдык тармактар, ошондой эле интернет айдыңына жарыяланган материалдар тиешелүү мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан көзөмөлгө алынат.

Гезит жана журналдар. Коомдук турмушта гезит жана журналдардын ролу чоң. Журналдар, гезиттер, илимий-популярдуу жана көркөм адабият илим менен маданияттын бардык жетишкендиктерин муундан-муунга жеткирүүдө жана сактоодо негизги каражат болуп саналат. Бүгүнкү күндө интернет тармагы басма сөз каражаттарынын негизги атаандашы. Техникалык каражаттардын өнүгүп, интернеттин жайылышы менен гезит-журналдар өз актуалдуулугун жоготууда. Мындай шартта гезит, журналдар окурмандарын сактап калуу максатында интернетте гезиттердин онлайн версиясын, сайттарын ачып, социалдык тармактарда электрондук түрү жайылтылууда. Эң көп тираждагы гезиттер Бишкектен басылып чыгат. Басылмалардын жарымынан көбү өздөрүн ээсине толук же жарым жартылай көз каранды абалда иш алып барышат.

Мамлекеттин маалымат коопсуздугун сактоодо, калкты маалымат менен камсыздоодо жана өлкөнүн саясатын коомчулукка жеткирүүдө маалымдоо каражаттарынын ролу чоң экендиги анык. Учурдагы маалымат-технологиялары өнүккөн шартта маалымдоо каражаттары коомдук туруктуулукка жетишүүнүн, позитивдүү идеяларды, жалпы улуттук мамлекеттик өнүгүү стратегияны калкка жеткирүүчү, моралдык жана руханий баалуулуктарды таркатуучу маанилүү каражат болуп саналат. Улуттук кызыкчылыктарыбыз болгон маданият, тарых, тил сыяктуу баалуулуктарыбызды чагылдырып, өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан окуяларды так, обьективдүү түрдө элге жеткирүү маалымдоо каражаттарына болгон бүгүнкү күндүн талабы.

Колдонулган материалдар тизмеси:

1. Темирбаев К.Т., Сагымбаев А.А., Джаркеев Р.Н. Кыдыралиев Т.Н. Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугу. – Б.: Surat technology, 2007.

2. Mcluhan M, Fiore Q. The Medium is the Massage, an Inventory of Effects. N-Y, Wired Books. 1996.

3. Протокол о взаимодействии государств-членов ОДКБ по противодействию преступной деятельности в информационной сфере (25.12.2014) // URL:http://kg.akipress.org/news:608582

4. Ибраева Г. Куликова С. История развития и современное состояние СМИ в КР. -Б., 2002.

5. Проект Постановления Правительства Кыргызской Республики «Концепция информационной безопасности Кыргызской Республики на 2019-2023 годы» //http://www.gov.kg/?p=128759&lang=ru

6. Мураталиева Н. Информационная политика как слабое звено безопасности Кыргызстана. 2016. CABAR – Central Asian Bureau for Analitical Reporting.

7. Токсоналиева Р.М. Нормативно-правовые основы обеспечения информационно-психологической безопасности КР. // Вестник КРСУ. 2016. Том 16. № 6

8. Засурский И. Масс-медиа второй республики. М., Изд-во Московского университета. 1999.

9. «Сорос-Кыргызстан» Фондунун «Маалымат эркиндиги» Программасынын Долбоору. Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары. – Б., 2014.

10.Бердаков Д. Основные тенденции и проблемы развития медиасферы Кыргызстана. 27.12.2016. http://cabar.asia/ru/denis-berdakov-osnovnye-tendentsii-iproblemyrazvitiya-mediasfery-kyrgyzstana/